# Жаңырган айды көрүп орозо кармагыла. Жаңырган айды көрүп орозоңорду бүтүргүлө. Эгер күн бүркөк болуп калса, эсеп менен чыгаргыла

Ибн Умар (аларга Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактосу болсун) минтип айтканын уктум: "Жаңырган айды көрүп орозо кармагыла. Жаңырган айды көрүп орозоңорду бүтүргүлө. Эгер күн бүркөк болуп калса, эсеп менен чыгаргыла".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Рамазан айынын башталышынын жана бүтүүсүнүн белгиси тууралуу баяндап: Эгер Рамазандын айын көрсөңөр орозо туткула. Эгер күн бүркөк болуп ай көрүнбөй калса, анда Шаабан айын эсептеп отуз күн болгондо орозо кармай бергиле. Эгер Шаввалдын айын көрсөңөр оозуңарды ачкыла. Күн бүркөө болуп ай көрүнбөй калса, Рамазанды эсептеп отуз күн болгондо орозону бүтүрө бергиле.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/4549